КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

А. Ж. Мырсабеков атындагы
ОШ МАМЛЕКЕТТИК
ПЕДАГОГИКАЛЫК
УНИВЕРСИТЕТИНИН
ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИ

73, N.Isanov str. 714003, Osh
Fax:+ 996 (3222) 4-35-67
e-mail: ogpi.osh@mail.ru

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

УЧЕНЫЙ СОВЕТ ОШСКОГО
ГОСУДАРСТВЕННОГО
ПЕДАГОГИЧЕСКОГО
УНИВЕРСИТЕТА

Чыг/Исх. № 01-2 /1022

“ 21 **”** 05 **2024-ж.**

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин
Окумуштуулар кеңешинин №7 Протоколунан
көчүрмө
2024–жылдын 29-апрели
Күн тартибиндеги маселелер:
5. Ар түрдүү маселелер:

5.1. УГУЛДУ:

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде бүтүрүүчү квалификациялык жумуштарды, магистрдик, кандидаттык жана докторлук диссертацияларды, илимий макалаларды «Антиплагиат» компьютердик программасынан өткөрүү боюнча нускаманы бекитүү жөнүндө

5.1. ТОКТОМ КЫЛАТ:

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде бүтүрүүчү квалификациялык жумуштарды, магистрдик, кандидаттык жана докторлук диссертацияларды, илимий макалаларды «Антиплагиат» компьютердик программасынан өткөрүү боюнча нускама бекитилсин.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы **п.и.д., профессор Б.Б. Зулуев**

КӨЧҮРМӨ АНЫК

Катчы **ф.и.к., доцент Ж.Т. Джумаева**

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде бүтүрүүчү квалификациялык жумуштарды, магистрдик диссертацияларды, илимий макалаларды «Антиплагиат» компьютердик программасынан өткөрүү боюнча нускама

(*Нускама А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин Окумуштуулар Кеңешинде бекитилген. Протокол №7. 29-апрель 2024-ж.*)

1. Жалпы жоболор

1.1. Жобо КРнын “Билим берүү” жөнүндөгү мыйзамынын жана билим берүү багытындагы өкмөттүн токтомдорунун, КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин буйруктарынын жана нускама каттарынын, КР Жогорку аттестациялык комиссиясынын 2012-жылдын 28-июнундагыа № 6-4/18 нускамасынын жана Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобосунун негизинде иштелип чыкты.

1.2. **Бүтүрүүчү квалификациялык жумуштарды, магистрдик диссертацияларды, илимий макалаларды** «Антиплагиат» компьютердик программасынан өткөрүүнүн максаты төмөнкүлөр:

- ОшМПУнун бакалавр жана магистратура академиялык даражаларынын бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик тапшырмаларды аткарууга болгон даярдыгынын деңгээлин жана аларды даярдоонун жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарына шайкештигин аныктоо;
- Профессордук-окутуучулук курамдын илимий изилдөө иштеринин деңгээлин жана сапатын жогорулатуу;
- Студенттердин жана магистранттардын өз алдынча илимий чыгармачылык менен иштөөсүн камсыздоо;
- Жарандардын жана юридикалык тараптардын интелектуалдык менчик укуктарын сактоо.

1.3. Бул нускама илимий иш жазууда бирөөнүн материалын авторуна шилтемесиз жана алган булактарын көрсөтпөй көчүрүп алышын, бирөөнүн идеясын, чыгармасын же анын бир бөлүгүн өзүнүкү кылып көз көрүнөө менчиктеп алуусун алдын алат.

2. Терминдер жана түшүнүктөр

2.1. **Бүтүрүүчү квалификациялык иш** - жогорку окуу жайынын студентинин окуунун акыркы жылынын жыйынтыктоочу аттестациясынын этаптарында аткара турган жана анын адистик боюнча өз алдынча иштөөгө даярдыгын текшерүүнүн формаларынын бири катары кызмат кылган жана ага аныкталган квалификацияны ыйгаруу жана билим

берүү мекемени бүтүргөндүгү тууралуу дипломду берүү үчүн кызмат кылган өз алдынча жасалуучу илимий иш.

2.2. **Плагиат** - бирөөнүн идеясын, чыгармасын же анын бир бөлүгүн өзүнүкү кылып көз көрүнөө менчиктеп уурдап бастырып чыгаруу.

2.3. **Өздөштүрүү (Заимствование)** – башка автордун текстин өзгөртпөстөн өздөштүрүп алуу.

2.4. **Шилтеме келтирүү (цитирование)** – башка бирөөнүн эмгегин пайдаланган учурда ага шилтеме берүү.

2.5. **Текстин оригиналдуулугу** – жалпы тексте кездешкен уникалдуу кайталангыс элементтердин (сөздөрдүн, фразалардын) үлүшүнүн көптүгү.

3. ОшМПУда антиплагиат программасынын издөө модулдары (мүмкүнчүлүктөрү):

- Интернет плюс" модулу, Интернет тармагынын илимий жана билим берүү сегментинин ачык булактары боюнча, анын ичинде дүйнөлүк издөө системалары аркылуу дал келүүлөрдү издөө;
- Россия мамлекеттик китепканасы (РГБ), Беларус улуттук китепканасы (НББ) жыйнактарынан диссертациялардын жана автореферaттардын толук тексттеринен дал келүүлөрдү издөө;
- «elibrary.ru» илимий электрондук китепканасынын коллекцияларынан орус жана чет тилдердеги илимий макалалардын толук тексттеринен издөө;
- профессионалдык адабияттын дүйнөдөгү эң ири басып чыгаруучуларынын бири болгон Wiley онлайн китепканасындагы (Wiley Online Library) макалалардын толук тексттери. Англис тилинен орус тилине которулган тексттерден издөө кызматы;
- «Гарант системасы», «Адилет» ченемдик-укуктук документтеринен издөө;
- орус жана чет тилдердеги патенттик документтер;
- «Университеттердин шакекчеси» долбооруна катышкан ЖОЖдордун документтеринин жыйнагы;
- IEEE коллекциясы (Institute of Electrical and Electronics Engineers) – Электр жана электроника инженерлери институтунун журналдарынын жана конференция материалдарынын маалымат базасынан издөө;
- Интернеттеги тексттердин которулгандыгын издөө модулдары (кыргыз, орус, англис, текшерилип жаткан документтин тилине карабастан);
- ММКлардан издөө;
- «Сүрөттөрдүн плагиаттыгын издөө модулу», бул документте тышкы булактардан алынган сүрөттөрдү табууга мүмкүндүк берет;
- Жасалма интеллекттин жардамы менен түзүлгөн генерацияланган тексттерди автоматтык түрдө аныктоого мүмкүндүк берген алгоритм (GPT-2, GPT-3, ChatGPT ж.б.) жана аларды системада “Шектүү документ” катары белгилөө.

4. Бүтүрүүчү квалификациялык жумуштардын, магистрдик диссертациялардын оригиналдуулугун компьютердик программада текшерүү тартиби


4.1. Бүтүрүүчү квалификациялык ишти жана магистрдик диссертацияны жактоого жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын талаптарына ылайык жогорку окуу жайы иштеп чыккан жогорку кесиптик билим берүүнүн багыты (адистиги) боюнча негизги билим берүү программасын толук өлчөмдө өздөштүрүүнү ийгиликтүү аяктаган жана жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолордун башка түрлөрүн ийгиликтүү өткөн, ошондой эле антиплагиат боюнча компьютердик программасынан ийгиликтүү өткөн студенттер киргизилет.

4.2. Жумушта плагиаттын бар же жок экендигин текшерүү компьютердик программанын жардамында жүргүзүлөт. Текшерүүгө берилген жумуштан титулдук барак, мазмуну, адабияттарга сереп бөлүмдөрү алынып салынат.

4.3. Текшерүү үчүн жумуштун электрондук варианты Microsoft Word программасында талап кылынат. Электрондук вариантты сактаганда студенттин фамилиясы жана группасы менен белгиленет (Мисалы: ***Жусупбек кызы З. Бд-20***).

4.4. Текшерүү диплом алдындагы практиканын акыркы жумасында, белгиленген графиктин негизинде бүтүрүүчү кафедранын көзөмөлүндө жүргүзүлөт. **«Антиплагиат» компьютердик программасынан пайдалануу ОшМПунун студенттери жана магистранттары үчүн бир жолку текшерүү акысыз.**

4.5. **Экинчи жана үчүнчү жолу текшерүү https://antiplagiat.ru/ сайты аркылуу “Студенттер, аспиранттар жана окумуштуулар үчүн”-аталышындагы тиркемеси менен тиешелүү акчасын сайтка онлайн жеке өзү төлөп текшертет:**



4.6. Бүтүрүүчү квалификациялык жумушту коргоого **дал келүү 40%дан ашпаган жумуштарга уруксат берилет**.

4.7. Магистрдик диссертацияларга **дал келүү 35%дан ашпаган жумуштарга уруксат берилет**

4.8. Эгерде үч жолу тең антиплагиат боюнча компьютердик программасынын жыйынтыгы менен жумуштагы дал келүү жогорудагы көрсөтүлгөн чектен ашып кетсе анда бул студент / магистрант жумушту коргоого киргизилбейт. Мындай учурда студент / магистрант окуудан четтетилет. Студент / магистрант өз каалоосу менен кийинки окуу жылына тикеленсе башка тема жана жетекчи бекитилип берилет.

4.9. Эгерде студент / магистрант тарабынан алдоо жолу менен иштин оригиналдуулугун жогорулатуу фактысы катталып (символдорду өзгөртүү, тамгаларды алмаштыруу ж.б.) далилденсе, анда бул студент / магистрант окуудан четтетилет.

5. Профессордук-окуутучулук курамдын илимий иштерин текшерүү

5.1. ОшМПУнун штаттагы профессордук-окутуучулук курамы тарабынан жазылган кандидаттык жана докторлук диссертациялар диссертанттардын каалоосу менен акысыз текшерилип берилет жана жыйынтыктары кечиктирилбестен кезексиз берилет;

5.2. “ОшМПУ Жарчысы” илимий усулдук журналына келген бардык макалалар акысыз текшерилет.

5.3. Башка журналдарга жазылган илимий макалалар текшерилбейт.

6. Нускамага өзгөртүүлөрдү киргизүү

6.1. Бул нускамага өзгөртүүлөрдү киргизүү ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин отурумунда каралат.

Инструкция по проверке выпускных квалификационных работ, магистерских диссертаций и научных статей в компьютерной программе «Антиплагиат»

(***Инструкция утверждена Учёным советом Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. Протокол №7 от 29 апреля 2024 г.)***

1. Общие положения

1.1. Настоящая Инструкция разработана на основе Закона КР «Об образовании», постановлений Правительства КР в сфере образования, приказов и инструктивных писем Министерства образования и науки КР, Инструкции Высшей аттестационной комиссии КР № 6-4/18 от 28 июня 2012 года, а также Положения об итоговой государственной аттестации выпускников высших учебных заведений КР.

1.2. Целями проверки выпускных квалификационных работ, магистерских диссертаций и научных статей в компьютерной программе «Антиплагиат» являются:

- определение уровня готовности выпускников бакалавриата и магистратуры ОшГПУ к выполнению профессиональных задач и соответствия их подготовки государственным образовательным стандартам высшего профессионального образования;
- повышение уровня и качества научно-исследовательской деятельности профессорско-преподавательского состава;
- обеспечение самостоятельной научно-творческой работы студентов и магистрантов;
- соблюдение прав граждан и юридических лиц на интеллектуальную собственность.

1.3. Настоящая инструкция направлена на предупреждение случаев копирования чужих материалов без ссылки на автора и указания использованных источников, а также присвоения чужих идей, произведений или их частей.

2. Термины и определения

2.1. Выпускная квалификационная работа (ВКР) — научная работа, выполняемая студентом старшего курса в рамках итоговой аттестации для проверки его готовности к самостоятельной работе по специальности, служащая основанием для присвоения квалификации и выдачи диплома о высшем образовании.

2.2. Плагиат — присвоение чужой идеи, произведения или его части и публикация под своим именем.
2.3. Заимствование — использование чужого текста без изменений.
2.4. Цитирование — использование фрагментов чужого произведения с обязательным указанием ссылки на источник.
2.5. Оригинальность текста — степень уникальности текста, определяемая долей неповторяющихся элементов (слов, фраз).

3. Поисковые модули (возможности) программы «Антиплагиат», используемые в ОшГПУ

3.1. В ОшГПУ при проверке используются следующие модули программы «Антиплагиат»:

- модуль **«Интернет-плюс»** — поиск совпадений в открытых источниках научного и образовательного сегментов сети Интернет, в том числе через мировые поисковые системы;
- **Российская государственная библиотека (РГБ)** и **Национальная библиотека Беларуси (НББ)** — поиск совпадений в полных текстах диссертаций и авторефератов;
- коллекции научной электронной библиотеки **elibrary.ru** — поиск совпадений в полных текстах научных статей на русском и иностранных языках;
- база издательства **Wiley Online Library** — поиск совпадений в полных текстах статей одного из крупнейших мировых издательств научной литературы; поиск совпадений в текстах, переведённых с английского на русский язык;
- **«Гарант»**, **«Адилет»** — поиск совпадений в нормативно-правовых документах;
- патентная документация на русском и иностранных языках;
- база документов вузов — участников проекта **«Кольцо университетов»**;
- коллекция **IEEE (Institute of Electrical and Electronics Engineers)** — поиск совпадений в базах данных журналов и материалов конференций Института инженеров по электротехнике и электронике;
- модули поиска переводных текстов в Интернете (кыргызский, русский, английский языки — независимо от языка проверяемого документа);
- поиск совпадений в **СМИ**;
- модуль **поиска плагиата изображений**, позволяющий выявлять изображения, заимствованные из внешних источников;

- алгоритм автоматического определения **генерированных ИИ текстов** (GPT-2, GPT-3, ChatGPT и др.) с пометкой документа в системе как «Подозрительный».

4. Порядок проверки оригинальности выпускных квалификационных работ и магистерских диссертаций в компьютерной программе


4.1. К защите выпускной квалификационной работы и магистерской диссертации допускаются студенты, успешно завершившие освоение основной образовательной программы по направлению (специальности) высшего профессионального образования, разработанной вузом в соответствии с требованиями государственных образовательных стандартов высшего профессионального образования, успешно прошедшие другие виды итоговой аттестации, а также успешно прошедшие проверку в компьютерной программе «Антиплагиат».

4.2. Проверка наличия или отсутствия плагиата в работе осуществляется с помощью компьютерной программы. Из проверяемой работы удаляются титульный лист, содержание и раздел «Обзор литературы».

4.3. Для проверки требуется электронная версия работы в формате Microsoft Word. При сохранении электронного варианта используется наименование по фамилии и группе студента (например: Жусупбек кызы З. Бд-20).

4.4. Проверка проводится на последней неделе преддипломной практики по утверждённому графику под контролем выпускающей кафедры. Одноразовое использование программы «Антиплагиат» для студентов и магистрантов ОшГПУ осуществляется бесплатно.

4.5. Вторая и третья проверки осуществляются студентом/магистрантом самостоятельно через сайт https://antiplagiat.ru/ в разделе «Для студентов, аспирантов и исследователей» с онлайн-оплатой стоимости проверки.



4.6. К защите выпускной квалификационной работы допускаются работы, в которых процент совпадений **не превышает 40%.**

4.7. К защите магистерских диссертаций допускаются работы, в которых процент совпадений **не превышает 35%.**

4.8. Если по результатам трёх проверок подряд процент совпадений превышает указанные пороговые значения, студент/магистрант не допускается к защите. В этом случае студент/магистрант отчисляется. При восстановлении (по собственному желанию) на следующий учебный год закрепляется другая тема и назначается новый научный руководитель.

4.9. Если будет зафиксирован и доказан факт искусственного повышения оригинальности работы (замена символов, подмена букв и другие способы), студент/магистрант отчисляется.

5. Проверка научных работ профессорско-преподавательского состава

5.1. Кандидатские и докторские диссертации, подготовленные штатными сотрудниками профессорско-преподавательского состава ОшГПУ, по желанию авторов проверяются бесплатно, и результаты предоставляются вне очереди и без задержек.

5.2. Все статьи, поступающие в научно-методический журнал «Вестник ОшГПУ», проверяются бесплатно.

5.3. Научные статьи, направляемые в другие журналы, не проверяются.

6. Внесение изменений в настоящую инструкцию

6.1. Изменения в настоящую инструкцию рассматриваются на заседании Учёного совета ОшГПУ.